Жалал-Абад областык юстиция башкармасы
2018 ж. "16" марта
Юридикалык жак мамлекеттик каттоодон кайра өткөрүлдү № 0013646 күбөлүк
Алгачкы катталган күнү
1992 ж. "13" октября
Управление юстиции Жалал-Абадской области
Произведена государственная перерегистрация юридического лица
"16" марта 2018 г.
Свидетельство № 0013646
Дата первичной регистрации
"13" октября 1992 г.

Жалал-Абад 2016-жыл.

"Макулданылды"
"________________" 2018жыл
Жалал-Абад шаардык Билим
берүү башкармалыгынын башчысы
________________ Ы.Ө. Калчаев

"Бекитемин"
"________________" 2018жыл
Жалал-Абад облусттук юстиция
башкармалыгын башчысы
____________ Б.Жайлообаев.

# *Жалал-Абад шаарындагы №8 жалпы орто билим берүүчү мектептин УСТАВЫ*

Сканировано с CamScanner

Жалал-Абад шаары 2018-жыл.

# МИНИМАЛДУУ СТАНДАРТТЫН НЕГИЗИНДЕ ЖАН БАШЫНА КАРЖЫЛООНУН ШАРТТАРЫНДАГЫ ЖАЛАЛ-АБАД ШААРЫНДАГЫ №8 ЖАЛПЫ БИЛИМ БЕРҮҮЧҮ ОРТО МЕКТЕБИНИН ТИПТҮҮ УСТАВЫ

## 1. Жалпы жоболор

### Билим берүү мекемеси жөнүндө маалымат

Кыргыз Республикасынын «Билим берүү жөнүндөгү мыйзамына» ылайык (1992-жыл 16.12.№1074-XII жана кошумча жаңы өзгөртүүлөр менен 1997-жыл 29.11. №84) Жалал-Абад шаарындагы жаңы түзүлгөн Достук жана СМУ кичи районундагы жашоочулардын мектеп жашындагы уул-кыздарын жалпы билим берүүчү мектептерге тартып окутууну камсыз кылуу боюнча Жалал-Абад шаарынын мэриясынын 2002-жылдын 23-июлундагы №513 буйругу менен жана Жалал-Абад шаардык билим берүү башкармасынын 2012-жылдын 8-ноябрында 136-буйругу менен шаардын №8 орто мектеби катары, жаштарга жалпы билим берүү уюштурулган.

Жалал-Абад шаарындагы №8 орто мектеби 1958-жылдан мамлекеттик мектеп болуп ачылган. Ошондон бери мектеп өз ишмердүүлүгүн улантып жатат.

Жалал-Абад шаардык мэриясынын мамалекеттик агенствонун кыймылсыз мүлкү Жалал-Абад шаардык мэриясынын пункт 53 буйрук №76 25.09.00 жылынан тартып Жалал-Абад шаардык мэриясынын карамагында.

1.1 Жалал-Абад шаарындагы №8 жалпы билим берүүчү орто мектеби Кыргыз Республикасынын ченемдик актыларына ылайык билим берүү мекемеси катары мындан Кыргыз Республикасынын мыйзамдарынын, ченемдик актыларына жана ушул Уставдын негизинде ишмердүүлүн жүргүзөт.

Жалал-Абад шаарындагы №8 жалпы билим берүүчү орто мектеби ар бир жарандын милдеттүү жана акысыз башталгыч, негизги жана орто билим алуусун, мамлекеттик билим берүү стандарттарынын талаптарынын чегинде жана айрым жарандардын жөндөмүнө, чыгармачылык мүмкүнчүлүгүнө жараша сапаттуу билим алуусун иш жүзүнө ашыруучу билим берүүчү мекеме болуп эсептелет.

1.2. №8 орто мектеби башталгыч жалпы, негизги жалпы жана орто жалпы билим берүүнүн жалпы билим берүүчү программаларын ишке ашырууну жүргүзүүчү мамлекеттик (муниципалдык) жалпы билим берүүчү уюм болуп эсептелет.

Сканировано с CamScanner

1.3. №8 орто мектебинин уюштуруучулары төмөнкүлөр болуп саналат:

а) Жалал-Абад шаардык билим берүү бөлүмү.

б)№8 орто мектебинин уюштуруу документтери болуп аны түзүү жөнүндөгү чечим же уюштуруучулардын келишими, ошондой эле №8 орто мектебинин Уставы эсептелет.

1. Жалпы билим берүүчү уюмдун уюштуруу-укуктук формасы – мамлекеттик (муниципалдык) №8 орто мектеби.

1.5 №8 орто мектеби өз ишинде Кыргыз Республикасынын мыйзамдык жана ченемдик укуктук актыларын, Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин буйруктарын жана тескемелерин, ошондой эле ушул Уставды жетекчиликке алат.

1.6 №8 орто мектеби аныкталбаган мөөнөткө түзүлөт жана Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында белгиленген тартипте мамлекеттик каттоодон өтөт.

1.7 Жалпы билим берүүчү уюмдун мамлекеттик тилде толук түрдө фирмалык аталышы – **Жалал-Абад шаарындагы №8 жалпы орто билим берүүчү мектеби-мекемеси**

Жалпы билим берүүчү уюмдун расмий тилде толук түрдө фирмалык аталышы- **Учереждение средняя общеобразовательная школа №8 города Джалал-Абад**

1.8 Жалал-Абад шаарындагы №8 жалпы билим берүүчү орто мектеби юридикалык жак катары гербдүү мөөргө, штампка ээ.

1.9. Жалпы билим берүүчү уюмдун юридикалык дареги: ***Жалал-Абад шаары, Түмөнбай Байзаков, көчөсү № 40.***

1.10. Жалал-Абад шаарындагы №8 орто мектебинин 2018-жыл 12-январдагы директор алдындагы кеңешмесинин 3-токтомунун негизинде мектептин Уставына өзгөртүүлөр жана толуктоолор киргизилди.

## II. Укуктук статусу

2.1 №8 орто мектеби мамлекеттик каттоодон өткөн күндөн тартып финансы-чарбалык жана укуктук өз алдынчалыгы, өзүнчө мүлкү, өз алдынча балансы, кыргыз жана орус тилдеринде өзүнүн аталышы жазылган мөөрү, штамптары жана бланктары, казыначылык органында жана башка финансы-кредиттик мекемелерде алыш-бериш жана бет эсеби бар юридикалык жак болуп эсептелет.

Сканировано с CamScanner

№8 орто мектебинин мүлкүнүн курамына төмөнкүлөр кириши мүмкүн: негизги каражаттар, ээлеп турган жай, жабдуулар, инвентарь, жер участкалары жана башка мүлктөр.

2.3 №8 орто мектебине төмөнкүлөргө менчик укугу таандык: акча каражаттарына, ага белек, кайрымдуулук катары же мурас боюнча жеке жана юридикалык жактар өткөрүп берген мүлккө жана башка менчик объекттерине, ошондой эле жалпы билим берүүчү уюмдун өзүнүн ишинен түшкөн кирешелерге, ушул кирешелерге сатып алынган менчик объектерине.

2.4 №8 орто мектеби уюштуруучунун макулдугу менен мыйзамдарга ылайык өзүнө бекитип берилген мүлктү ижарага берүүгө укуктуу. Ижарага берилген мүлктөн алынган киреше уставдык максаттар үчүн пайдаланылат.

2.5 №8 орто мектеби мыйзамдарда каралган бардык жарандык-укуктук бүтүмдөрдү ишке ашырууга, сотто доогер жана жоопкер болууга, башка укуктарга жана милдеттерге ээ болууга укуктуу.

2.6 №8 орто мектебинин иши Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында белгиленген учурларда жана тартипте аттестациядан өтөт.

2.7 Уюштуруучулар Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында белгиленген учурларда, тартипте жана чектерде жалпы билим берүүчү уюмдардын милдеттенмелери боюнча жоопкерчилик тартышат.

## III. Жалпы билим берүүчү уюмдун ишинин предмети жана максаттары

3.1 №8 орто мектебинин негизги максаты болуп жалпы билим берүү программаларынын милдеттүү минимумун өздөштүрүүнүн негизинде окуучулардын инсандыгынын жалпы маданиятын түзүү, аларды коомдун турмушуна адаптациялоо, кесиптик билим берүү программаларын аң-сезимдүү түрдө тандоо жана андан ары өздөштүрүү үчүн негиз түзүү жана жарандуулукка тарбиялоо болуп эсептелет.

3.2 №8 орто мектебинин ишинин предмети болуп башталгыч жалпы, негизги жалпы жана орто жалпы билим берүүнүн жалпы билим берүүчү программаларын ишке ашыруу эсептелет.

## IV. Иштин негизги принциптери

4.1 №8 орто мектеби төмөнкү принциптердин негизинде иштейт:

- “Билим берүү жөнүндөгү” Кыргыз Республикасынын мыйзамына ылайык жалпыга милдеттүү акысыз баштапкы билим берүүнү турмушка ашыруу;

Сканировано с CamScanner

- Жалпыга милдеттүү билимди камсыз кылуу жана окуучулардын кызыугуларын, жөндөмдүүлүгүн өнүктүрүү үчүн максималдуу шарттарды түзүү;
- сапаттуу билим алууга Кыргыз Республикасынын бардык жарандарынын укуктарынын бирдейлиги;
- мамлекеттик билим берүү стандарттарын аткаруу;
- билим берүүнүн натыйжалуу системасын түзүү;
- билим берүүчү уюмдун финансылык өз алдынчалыгын камсыздоо;
- мамлекеттик финансылык ресурстарды сарамжалдуу пайдалануу;
- Бир окуучуга эсептегенде каржылоонун бирдиктүү стандартташтырылган нормативдеринин негизинде билим берүүчү уюмдарды бюджеттик каржылоонун негизинде камсыздоо;
- билим берүү процессинин системалуулугу жана үзгүлтүксүздүгү;
- мамлекеттик жана муниципиалдык окуу жайларында баштапкы жана негизги билим берүүнү, жалпы орто билим берүүнү ар бир жарандын алууга милдеттүүлүгү жана акысыздыгы;
- кошумча билим берүүгө жана башка кызматтарга көрсөтүлүүчү акы төлөмгө кызматтардан алынган кирешелерди бөлүштүрүүнүн өз алдынчалыгы, ал боюнча кирешелер өзүнчө балансга эске алынат;
- жалпы билим берүүчү уюмдардын бардык финансылык ишин коомдук-мамлекеттик контролдоо үчүн ачык-айкындык жана жеткиликтүүлүк.

## V.Укуктары жана милдеттери

5.1 №8 орто мектеби милдеттерине жетишүү үчүн өз функцияларын ишке ашырууда төмөнкүлөргө укуктуу:

- чыгымдардын сметаларын өз алдынча иштеп чыгууга жана бекитүүгө жана тиешелүү түрдө аларды өзгөртүүгө;
- өздөрүнүн материалдык-техникалык, финансылык жана кадрдык ресурстарын өз алдынча пайдаланууга;
- Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлиги бекиткен мамлекеттик билим берүү программаларынын, базистик окуу планынын негизинде окутуу программаларын иштеп чыгууга, кабыл алууга жана ишке ашырууга;

Сканировано с CamScanner

- «Билим берүү жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын негизги жоболоруна туура келүүчү окутуунун жана тарбиялоонун тандоодогу, пайдалануудагы жана формаларын, каражаттарын жана методдорун түзүүдөгү өз алдынчалыкка;
- төмөнкүлөрдү камсыз кылуучу №8 орто мектебинде кабыл алуу тартибин аныктоого:
  - башталгыч жалпы жана негизги жалпы билим берүү баскычтарына – ошол аймакта жашаган жана негизги жалпы билим алууга укугу бар бардык окутулууга тийиш болгон адамдарды кабыл алууга (ушул аймакта жашабагандар мекемеде бош орун жок болгон учурда гана баш тартылышы мүмкүн);
- «Билим берүү жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын талаптарына ылайык окугандарды аттестациялоонун тартибин жана аралыктык мезгилин, баалоо системасын, формаларын тандоодогу өз алдынчалыкка;
- Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин жөнгө салуучу актыларына ылайык бүтүрүүчүлөргө жыйынтыктоочу аттестация жүргүзүүгө, жалпы билим берүүчү уюмдун мөөрү менен бекемделген билим алуу деңгээли жөнүндө мамлекеттик үлгүдөгү документ берүүгө ;
- негизги жалпы билим берүүчү программалардын, анын ичинде (кошумча билим берүүчү кызматтардын түрлөрү жана формалары) анын ичинде акы төлөмө жана билим берүү процессин камсыздоо жана имараттарды кармоо үчүн зарыл болгон кызмат көрсөтүүлөрдүн статусун аныктоочу кошумча билим берүү кызматтарын көрсөтүүгө жана кошумча билим берүү программаларын ишке ашырууга;
- уюштуруучулардын демилгеси же макулдугу боюнча финансылык ресурстарды сарамжалдуу пайдалануу, билим берүү процесстерин оптималдаштыруу максатында филиалдарды түзүүгө жана жоюуга;
- улуттук, мамлекеттик программаларды ишке ашырууга катышууга;
- жалпы билим берүү боюнча иштерди уюштуруу жана жакшыртуу маселелерине карата мамлекеттик башкаруунун жогору турган органдарына жана кызмат адамдарына сунуштарды киргизүүгө;
- ассоциацияларга жана башка коомдук уюмдарга, анын ичинде эл аралык уюмдарга кирүүгө, алардын ишине катышууга;
- ассоциацияларды, союздарды жана башка бирикмелерди түзүүгө жана ишине катышууга, анын ичинде билим берүүнү өнүктүрүү жана өркүндөтүү

Сканировано с CamScanner

максатында мекемелердин, ишканалардын жана коомдук уюмдардын катышуусу менен.

5.2 №8 орто мектеби төмөнкүлөрдү камсыз кылууга милдеттүү:

- жалпы билимдин сапаты жана анын мамлекеттик билим берүү стандарттарына ылайыктыгы;
- билим берүүчү уюм колдонгон формалардын, методдордун жана каражаттардын, окуучулардын психологиялык өзгөчөлүктөрүнө, жөндөмдүүлүктарына, кызыкчылыктарына, өмүрүн жана саламаттыгын сактоонун талаптарына адекваттуулугун;
- санитардык-гигиеналык формаларды сактоого;
- билим берүүнүн чектеш деңгээлдеринин ортосундагы өз ара аракет жана мурастуулугун;
- сергек жашоонун жана окуучуларды санитардык-гигиеналык тарбиялоону пропагандалоого.

5.3 №8 орто мектеби жалпы билим берүүчү программаларда, жалпы билим берүүчү уюмдун окуу-планында жана уставында каралбаган эмгекке жана алардын ата-энесинин (аларды алмаштырган адамдардын) макулдугүсуз ишке тартууга тыюу салынат.

5.4 Окуучуларга физикалык жана психикалык зомбулук методдорун колдонууга жол берилбейт.

5.5 №8 орто мектебинде саясий партияларды, коомдук-саясий, диний кыймылдарды жана уюмдарды түзүүгө жана алардын иштөөсүнө жол берилбейт.

5.6 Окуучуларды, тарбиялануучуларды коомдук, коомдук-саясий уюмдарга, кыймылдарга жана партияларга кирүүгө мажбурлоого, ошондой эле аларды бул уюмдардын ишине мажбурлап тартууга жана үгүт өнөктөштөрүнө жана саясий акцияларга катышууга мажбурлоого жол берилбейт.

## VI. Билим берүү процесси

6.1 №8 орто мектебинде окутуу мамлекеттик жана расмий тилдерде жүргүзүлөт. Мектеп окуучулардын окутуу тилин тандап алуу мүмкүнчүлүгүн камсыз кылышат.

6.2 Биринчи класска балдар 6 жаштан тартып, ата-энелердин (аларды алмаштырган адамдардын) каалоосуна жараша 7 жаштан кечиктирилбей кабыл алынат.

Сканировано с CamScanner

6.3 №8 орто мектебине окутуу жана тарбия берүү үчүн кабыл алуу буйрук менен жүзөгө ашырылат. Кабыл алуу процедурасы жалпы билим берүүчү уюмга кабыл алуунун эрежелери менен регламенттелет, ал эрежелер билим берүү жөнүндө Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына каршы келиши мүмкүн эмес.

6.4 №8 орто мектеби билим берүү процессин жалпы билим берүү программаларынын деңгээлдерине ылайык билим берүүнүн үч баскычында жүзөгө ашырылат:

I-баскыч – башталгыч билим ( 1-4-класстар,4 жыл)

II-баскыч – негизги жалпы билим (5-9-класстар, 5 жыл)

II-баскыч – орто билим (10-11-класстар, 2 жыл)

Мектеп базистик жалпы билимдин мазмуну мамлекеттик жалпы билим берүү стандарттарынын негизинде билим берүүчү мекеме өз алдынча иштеп чыккан, бекиткен жана ишке ашырылган программаларда аныкталат.

6.5 Академиялык сааттын узактыгы - 45 минут, биринчи класста – 40 мүнөт.

6.6 Ар бир класстагы жыйынтык жүктөмү массалык мектептердин окуучулары үчүн максималдуу жол берилген милдеттүү жүктөм болуп саналат.

Орто мектептин окуучулары үчүн жол берилген жүктөмдүн эң чоң чеги төмөнкүлөр болуп саналат:

| | |
|---|---|
| 1-класстарда - | 20 саат |
| 2- класстарда - | 22 саат |
| 3-класстарда - | 24 саат |
| 4-класстарда - | 25 саат |
| 5-класстарда - | 26 саат |
| 6- класстарда - | 29 саат |
| 7-класстарда- | 37 саат |
| 8-класстарда - | 30 саат |
| 9-класстарда - | 32 саат |
| 10-класстарда - | 29 саат |
| 11-класстарда - | 30 саат |

Жекече пландар боюнча окутуу окуучулардын, алардын ата-энелеринин же аларды алмаштырган адамдардын каалоосу боюнча жүргүзүлөт.

6.7 №8 орто мектебиндеги класстардын саны окуучулардын санына жана санитардык нормаларды эске алуу менен окутуу процессин жүргүзүү үчүн

Сканировано с CamScanner

түзүлгөн шарттарга жараша болот. Класстардын толукталышы 30 окуучудан кем эмес санда белгиленет. Кыргыз тили, эмгекке үйрөтүү, чет тили жана орус тили сабактарын өтүүдө класстар 30дан толукталган мезгилде эки топко бөлүнөт .

№8 орто мектеби ата-энелердин (мыйзамдуу өкүлдөрүнүн) каалоосу жана суроо-талаптары боюнча акы төлөө негизинде узартылган күндөгү окуучулар топторун, окуучуларды жалпы билим берүүчү уюмга даярдоо боюнча топторду ачууга укуктуу.

6.8 №8 орто мектебиндеги окуу жылы 1-сентябрдан башталат. Биринчи класстагы окуу жылдын узактыгы 33 жума, андан кийинкилерде – 34 жума окуу жылынын ичиндеги каникулдардын узактыгы 30 календардык күн, жайында 8 календардык жумадан кем эмес, 1-класстардын окуучулары үчүн 3-чейректе кошумча бир жумалык каникулдар белгиленет.

Жылдык окуу-календардык график №8 орто мектебинин директорунун буйругу менен №8 орто мектебинин Педагогикалык Кеңешинин ой-пикирин эске алып, билим берүүнүн Жалал-Абад шаардык билим берүү бөлүмү менен макулдашуу боюнча бекитилет.

6.9 Жалпы билим берүүчү программаны толук көлөмдө өздөштүргөн окуучу кийинки класска көчүрүлөт. Кийинки класска окуу жылынын жыйынтыгы боюнча бир предмет боюнча академиялык карызы бар окуучулар шарттуу түрдө көчүрүлүшү мүмкүн. Баштапкы, жалпы жана негизги жалпы билим берүүнүн баскычтарында окуган, окуу жылынын программасын өздөштүрбөгөн жана эки же андан ашык предметтер боюнча академиялык карызы бар окуучулар кайталап окууга калтырылат. Окуучуну көчүрүү кандай учурда болсун педагогикалык кеңештин чечими боюнча жүргүзүлөт. Жалпы билим берүү программасынын мурдагы деңгээлин өздөштүрбөгөн окуучулар жалпы билим берүүнүн кийинки баскычында окууга киргизилбейт.

6.10 №8 орто мектеби окуучунун же анын ата-энесинин (же алардын өкүлдөрүнүн) каалоосу боюнча жалпы билим берүү программаларынын же айрым бөлүмдөрдү үй-бүлөлүк билим берүү, өз алдынча билим алууга көмөк берет.

6.11 №8 орто мектебин башкаруу органынын (Педагогикалык Кеңештин) чечими боюнча жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жана жашы жетпегендердин иштери боюнча комиссиялар менен макулдашылган укукта жат аракеттерди жасагандыгы, жалпы билим берүүчү уюмдун Уставын одоно жана көп жолу бузгандыгы үчүн 15 жашка чыккан окуучуларды жалпы билим берүүчү уюмдан чыгаруу эң чоң педагогикалык таасир берүү катары жалпы билим берүүчү уюмдун Уставында жол берилет.

Сканировано с CamScanner

№8 орто мектебинин директору көргөн эки же андан ашык тарбиялык жазасы бар окуучунун эреже катары кайталап тартип бузуусу көп жолу укук бузуу катары түшүнүлөт. Төмөнкүдөй түрдөгү оор натыйжаларга алып келген же алып келиши мүмкүн болгон укук бузуу тарбияны одоно бузуу катары таанылат:

- окуучулардын, кызматчылардын, мектепке келген адамдардын өмүрүнө жана саламаттыгына зыян келтирүү;
- №8 орто мектебинин, окуучулардын, кызматчылардын, жалпы билим берүүчү уюмга келген адамдардын мүлкүнө зыян келтирүү.

Материалдык зыянды окуучулар же алардын ата-энелери (аларды алмаштырган адамдар) Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык төлөп беришет.

Жетим балдарды жана ата-энесинин (мыйзамдуу өкүлдөрүнүн) камкордугусуз калган балдарды окуудан чыгаруу жөнүндө чечим тийиштүү көзөмөл жана камкордук органынын алдын ала макулдугу менен педкеңеш кабыл алат.

6.13 Окуучуну чыгаруу жөнүндө педкеңештин чечими №8 орто мектебинин директорунун буйругу менен аныкталат. Окуучуну чыгаруу жөнүндө мектептин директору үч күндүк мөөнөттө тийиштүү өз алдынча башкаруу органына маалымдайт. Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органы окуудан чыгарылган баланын ата-энеси (мыйзамдуу өкүлдөрү) менен бирге бир айлык мөөнөттө аны ишке орноштурууну же окуусун башка билим берүүчү уюмда улантуусун камсыз кылуучу чара көрөт. Окуудан чыгаруу процедурасы жалпы билим берүүчү уюмдун окуусуна колдоо көрсөтүү, жаза чара берүү түрүндө эрежелерине толук регламенттелет, ал эрежелер Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына каршы келиши мүмкүн эмес.

№8 орто мектебинин бүтүрүүчүлөрүнө алар жыйынтык аттестациясынан өткөндөн кийин №8 орто мектебинин мөөрү менен күбөлөндүрүлгөн билимдин деңгээли жөнүндө мамлекеттин мүлкүндөгү документ берилет. Орто жалпы билим берүү программаларын өздөштүрүүдө өзгөчө ийгиликтерге жетишкен бүтүрүүчүлөр өзгөчө үлгүдөгү күбөлүктөрдү жана аттестаттарды алышат.

6.14 №8 орто мектеби Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык окуучулардын айрым контингентине сабактан тышкары убакытта Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлиги (ББМ) бекиткен кошумча билим берүү кызматтарын акысыз негизде көрсөтөт.

6.15 №8 орто мектеби окуучулардын ата-энелеринин каалоосу боюнча бекитилген окуу планына жараша билим берүүнүн ар кандай кызматтарын акыга көрсөтө алышат.

Сканировано с CamScanner

6.16 №8 орто мектебиндеги класстардын саны жарандар берген арыздарга жараша класстардын толукталышынын санитардык жана эң чоң нормаларын эске алууга жараша болот.

6.17 Окуучулардын жана алардын ата-энелеринин (аларды алмаштырган адамдардын) кызыкчылыктарын эске алуу менен жалпы билим берүүчү уюмду уюштуруучулар менен макулдашуу боюнча даярдоо класстары (мамлекеттик, расмий тилдерди билбеген жана/же даярдыгы жок балдар үчүн), коррекциялык топтор бюджет боюнча бөлүнгөн каражаттардын чегинде же контракттык негизде ачылышы мүмкүн.

6.18 №8 орто мектебинин окуучуларын акысыз медициналык тейлөө атайын бекитилген саламаттык сактоо мекемеси (медициналык кызматкерлер) тарабынан камсыз кылынат, ал мекеме администрация жана педагогикалык кызматкерлери менен катар дарылоо-профилактикалык иш-чараларды жүргүзүү, санитардык-гигиеналык нормаларды, режимди жана окуучулардын тамактануусунун сапатын сактоо үчүн жоопкерчиликтүү болот.

6.19 №8 орто мектебиндеги окуучулардын тамактануусун уюштуруу мектептин ашканасы (атайын типтүү жай) аркылуу жүзөгө ашырылат.

6.20 №8 орто мектеби билим берүүнү башкаруунун аймактык органынын макулдугу менен окуу планына ылайык предметтерди окуп үйрөнүүнү караштырууга акылуу.

## VII. Билим берүү процессине катышуучулардын укуктары жана милдеттери

7.1 №8 орто мектебиндеги билим берүү процессине катышуучулар окуучулар, жалпы билим берүүчү уюмдун педагогикалык кызматкерлери, окуган окуучулардын ата-энелери (аларды алмаштыруучу адамдар) болуп саналат.

7.2 №8 орто мектебине кабыл алуу тартиби "Билим берүү жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамында жана ушул Уставда аныкталат.

7.3 №8 орто мектеби окууга кирген окуучуну жана анын ата-энелерин (аларды алмаштырган адамдарды) Устав жана билим берүү процессин уюштуруунун регламенттештирген башка документтер менен тааныштырууга милдеттүү.

7.4 Окуучулардын, алардын ата-энелеринин (аларды алмаштырган адамдардын) укуктары жана милдеттери Жалпы билим берүүчү уюму жөнүндөгү типтүү жобонун (Кыргыз Республикасынын Билим берүү, илим жана маданият

Сканировано с CamScanner

министрлигинин 24.10. 1997-ж. № 376/1 буйругу менен бекитилген) негизиндеги Уставда аныкталат.

7.5 №8 орто мектебинде окуучулар төмөнкүлөргө укуктуу:

- *Мектептеги "Келечек" уюмунун "Манас", "Семетей", "Сейтек" кошуундарына мүчө боло алат.*
- *Мектептеги ар кандай коомдук уюмдарга өз жөндөмдүүлүктөрүнө жараша шайлоого жана шайланууга, өз сунуштарын ачык билдирүүгө укуктуу;*
- *Предметтик ийримдерге, чыгармачылык топторго сабактан бош убактыларында өз каалоосу боюнча катыша жана өз жөндөмдүүлүктөрүн көрсөтө алышат;*
- "Билим берүү жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамында аныкталган көлөмдө акысыз жалпы орто билим алууга;
- күндүзгү билим алуу формасын тандоого, жана мүмкүнчүлүгү чектелген балдар үчүн үй-бүлөсүндө билим алууга;
- жекече окуу программалары боюнча мамлекеттик билим берүү стандарттарынын чегинде окутуунун тездетилген курсунда окууга. Жекече окуу программалары боюнча окутуунун шарттары Жалпы билим берүүчү уюмдун уставында жана ага ылайык кабыл алынган жоболордо регламенттештирилет;
- мектептин китепканасынын китепканалык – маалыматтык ресурстарынан пайдаланылууга;
- кошумча (акыга) билим берүү кызматтарын алууга;
- Уставда аныкталган формада жалпы билим берүүчү уюмду башкарууга катышууга;
- адамдын ар-намысын урматтоого, абийир жана маалыматтык эркиндикке, өзүнүн көз караштарын ынанымдарын эркин билдирүүгө. Окуучуларга карата физикалык жана психикалык зомбулук усулдарын колдонууга жол берилбейт.

7.6 Окуучуларды коомдук уюмдарга кирүүгө мажбурлоо, ошондой эле аларды мындай уюмдардын ишине жана үгүт өнөктөштөрүнө катышууга тартууга жол берилбейт.

7.7 Билим берүү программасын толук көлөмдө өздөштүргөн окуучулар кийинки класска көчүрүлөт.

Сканировано с CamScanner

7.8 Окуучулар №8 орто мектебинин Уставын аткарууга, жакшылап окууга, анын мүлкүнө аярдык мамиле жасоого, башка окуучулардын жана кызматкерлердин ар-намысын жана кадыр-баркын урматтоого, жалпы билим берүүчү уюмдун кызматкерлеринин талаптарын аткарууга милдеттүү. Жалпы билим берүүчү уюмдагы тартип окуучулардын, педагогдордун жана жалпы билим берүүчү уюмдун кызматкерлеринин адамдык кадыр-баркын урматтоонун негизинде жүргүзүлөт.

7.9 Ата-энелер (аларды алмаштырган адамдар) төмөнкүлөргө укуктуу:

- жалпы билим берүүчү уюмду жана жалпы билим берүүчү уюмдагы окутуу формаларын тандоого;
- балдардын мыйзамдуу укуктарын жана кызыкчылыктарын коргоого;
- жалпы билим берүүчү уюмдун Уставында белгиленген формада жалпы билим берүүчү уюм башкарууга катышууга.
- Мектептеги окуу-тарбия, чарбалык иштер тууралуу сунуш киргизүүгө, мектеп тарабынан кошумча кызмат көрсөтүүнү сунуштап, ал кызматка (акы төлөнүүчү ийримдер) акы төлөөгө көмөк көрсөтөт.
- Ата-энелер комитетинин пландарына ылайык мугалимдердин, класс жетекчилердин отчетторун угууга, педагогдордун окуучуларга кызматтык мамилени өркүндөтүү боюнча иштерди уюштурууга.
- Ата-эне, мугалим, окуучу системасындагы конфликтүү абалды чечүүгө катышууга.

7.10 Ата-энелер (аларды алмаштырган адамдар) төмөнкүлөргө милдеттүү:

- Балдардын саламаттыгынын сактыгын, алардын руханий жана дене боюнун жетилишин үй-бүлөдө адеп-ахлактык жактан калыптанышын камсыз кылуучу тиричилик шарттарын түзүү;
- Балдарды мектепке жайгаштырууга жана алардын жакшы окуусуна кепил болууга;
- Мектептин Уставынын талаптарын аткарууга;
- Баланын окуудагы жетишкендиктерин жана жүрүш-туруштарын көзөмөлдөп турууга;
- Балдардын мектеп эмеректерин, окуу куралдарын жана башка мүлктөрүн иштен чыгарганы үчүн жооп берүүгө, аларды калыбына келтирүүгө;

Сканировано с CamScanner

- Балдарды мектеп формасы менен камсыз кылууга (Кыргыз Республикасынын жалпы билим берүүчү мектептеринин окуучулары үчүн сынактан жеңип чыккан № 3 үлгүдөгү бирдиктүү мектеп формасы) ;
- Мектеп жашындагы балдарын мечиттерге, намаз жумаларга, "даваттарга" жана башка диний агымдарга жибербөөгө жана мектепке кыздар жоолук оронуп келбөөгө;
- Мектеп жана ата-энелердин ортосунда камкордук кеңешин түзүү боюнча макулдашууларды жүргүзүүгө.

7.11 Ата-энелер (аларды алмаштырган адамдар) №8 орто мектебинин Уставынын укуктарга жана милдеттерге тийиштүү бөлүмүн аткарууга жана тарбиялоо жана балдардын билим алуусу үчүн зарыл шарттарды түзүү, Балдардын укуктары жөнүндө конвенциянын принциптерин сактоо үчүн жоопкерчилик тартууга милдеттүү.

7.12 Ата-энелердин (аларды алмаштырган адамдардын) башка укуктары менен милдеттери №8 орто мектебинин Уставына ылайык алардын жана №8 орто мектебинин ортосунда түзүлгөн келишимде бекемделиши мүмкүн.

7.13 №8 орто мектебинин кызматкерлерин комплектөө тартиби анын Уставы менен регламенттештирилет. Педагогикалык ишке зарыл педагогикалык квалификацияга, кызматы боюнча мүнөздөмөлөрүнө жана билими жөнүндө документте ырасталган адистиги боюнча квалификациялык талаптарга ылайыктуу, ошондой эле атайын билими жок адамдар жалпы билим берүүчү уюмдун педагогикалык кеңешинин чечими менен кабыл алынат.

7.14 №8 орто мектебнин кызматкеринин жана администрациясынын мамилеси Кыргыз Республикасынын эмгек мыйзамдары менен жөнгө салынат. Эмгек келишиминин колдонуу мөөнөтү Кыргыз Республикасынын эмгек жөнүндө мыйзамдарына ылайык кызматкер менен иш берүүчүнүн эмгек келишимин түзүүсүндө аныкталат.

7.15 №8 орто мектебинин кызматкерлери төмөнкүлөргө

укуктуу:

- Мектептин уставында аныкталган тартипте жалпы билим берүүчү уюмду башкарууга катышууга;
- кесиптик ар-намысын жана кадыр-баркын коргоого;
- окутуу жана тарбиялоо усулун, окуу китептерин, окуу куралдарын жана материалдарды, билимге баа берүү усулдарын, окуучулардын көндүмдөрүн жана билгичтиктерин мамлекеттик билим берүү стандарттарынын жана

Сканировано с CamScanner

билим берүү жаатындагы башка нормативдик документтердин жоболорунун негизинде эркин тандап алууга, пайдаланууга жана түзүүгө;

- кесиптик квалификациясын жогорулатууга;
- кыскартылган жумушчу жумасына жана акы төлөнүүчү отпускага, Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында белгиленген социалдык кепилдиктерге жана жеңилдиктерге;
- тийиштүү квалификациялык категорияга аттестациядан өтүүгө;

7.16 Мугалимдин жана башка педагогикалык кызматкерлердин окутуу жүктөмүнүн (педагогикалык иштин) көлөмү окуу планы жана программалары боюнча сааттардын санына, кадрлар менен камсыз болууга, мектептин башка ачык-айкын шарттарына жараша белгиленет. Окутуу жүктөмүнүн (педагогикалык иштин) көлөмү эмгек акынын ставкасы үчүн норманын чоңдугу же аздыгы кызматкердин кат жүзүндөгү макулдугу менен гана белгиленет. Окуу жылынын башында белгиленген окуу жүктөмүнүн (педагогикалык иштин) көлөмү, класстардын (топтордун) саны кыскарган, окуу пландары жана программалары боюнча сааттардын саны азайтылган учурлардан тышкары да администрациянын демилгеси боюнча азайтылышы мүмкүн эмес.

7.17 №8 орто мектебинин кызматкерлеринин башка категорияларынын укуктары жана милдеттери тийиштүү типтүү квалификациялык мүнөздөмөлөрдө жана мектептин уставында аныкталат.

## VIII. Жалпы билим берүүчү уюмдун түзүмү

8.1 №8 орто мектебинин түзүмү ушул Уставда коюлган милдеттерди эске алуу менен мектептин директору тарабынан аныкталат, шаардык кеңеши менен макулдашуу боюнча билим берүүнү башкаруунун аймактык органы тарабынан бекитилет.

8.2 Кызматкерлердин саны №8 орто мектеби тарабынан финансылык ресурстарга жана окуучулардын санына жараша өз алдынча аныкталат.

Кызматкердин функциялык милдеттери директор бекиткен ички жоболордо аныкталат.

8.3 Жалпы билим берүүчү уюм филиалдарга ээ болушу мүмкүн, алар жалпы билим берүүчү уюм турган жерден тышкары жайгашкан юридикалык жактын өзүнчө бөлүмү болот жана анын функцияларынын бардыгын же бир бөлүгүн, анын ичинде өкүлчүлүктүн функцияларын жүзөгө ашырат.

Филиалдар юридикалык жак болуп саналбайт, аларга жалпы билим берүүчү уюмдун мүлкү берилет жана ал бекиткен жоболордун негизинде иштейт.

Сканировано с CamScanner

Филиалдардын жетекчилери жалпы билим берүүчү уюмдун жетекчиси тарабынан дайындалышат жана анын ишеним катынын негизинде иштешет.

Өкүлчүлүктөр жана филиалдар аларды түзгөн юридикалык жактын уюштуруу документтеринде көрсөтүлүүгө тийиш.

## IX. Жалпы билим берүүчү уюмду башкаруу

9.1 №8 орто мектебин башкаруу "Билим берүү жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамына Жалпы билим берүүчү уюмдун уставына ылайык демократиялуулук, ачыктык, жалпы адамзат баалуулуктарынын артыкчылыгы, адамдын өмүрүн жана саламаттыгын коргоо, инсандын эркин өнүгүшү принциптеринде жүзөгө ашырылат.

9.2 №8 орто мектебин башкаруунун жогорку органынын ыйгарым укуктары жалпы билим берүүчү уюмдун ишин координациялоого кирген анын уюштуруучулары болуп саналат.

9.3 №8 орто мектебинин тикелей жетекчилигин №8 орто мектебинин Уставы тарабынан аныкталган жана Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык тартипте дайындалган директор жүзөгө ашырат.

9.4 №8 орто мектебинин директору:

- педагогикалык жамаатты жетектөөнү жүзөгө ашырат;
- кадрларды туура тандоону жана жайгаштырууну камсыз кылат;
- эмгек акы төлөө жана кызматкерлерди сыйлоо жөнүндө ички жобону бекитет;
- кредиттерди тейлөөчү болуп саналат жана эсептик жана финансылык документтерге биринчи кол коюу укугуна ээ болот;
- бюджеттик жана атайын каражаттар боюнча чыгымдардын сметасын бекитет;
- баланска жана чыгымдардын сметасынын аткарылышы жөнүндө отчетторду бекитет жана кол коет;
- каражаттын максаттуу пайдаланылышына чыгымдардын бекитилген сметасына ылайык жалпы билим берүүчү мекеменин өз убагында жана толук каржыланышына контролдукту жүзөгө ашырат;
- кызматкерлердин идеялык-теориялык деңгээлин жана квалификациясын жогорулатуу үчүн зарыл шарттарды түзөт;
- окуучулардын билиминин сапатына жана жүрүм-турумуна, класстан тышкаркы жана мектептен тышкаркы иштердин мазмунуна жана уюштурулушуна контролду жүзөгө ашырат.

Сканировано с CamScanner

9.5 Директор №8 орто мектебинин атынан иш жүргүзөт, келишимдерди, анын ичинде эмгек келишимдерин түзөт, ишеним каттарды берет, банктарда эсептешүү жана башка эсеп-чотторду ачат; белгиленген тартипте штаттарды бекитет, буйруктарды чыгарат жана жалпы билим берүүчү уюмдун бардык кызматкерлери үчүн милдеттүү көрсөтмөлөрдү берет, билим берүүнүн башкаруу органдарына жалпы билим берүүчү уюмдун ишинин келечектүү, жылдык жана жана учурдагы пландарын бекитүүгө киргизет.

9.6 №8 орто мектебинин директору ата-энелердин жана мамлекеттин, коомдун жана уюштуруучулардын алдында Кыргыз Республикасынын эмгек мыйзамдарында, келишимде (контрактта) жана ушул Уставда каралган өзүнүн функциялык милдеттерине ылайык өз иши үчүн жекече жоопкерчиликтүү болот.

9.7 №8 орто мектебинде жалпы билим берүүчү уюмдун педагогикалык, камкорчулар кеңештери, эмгек жамаатынын жалпы чогулушун өз алдынча башкаруу формалары болуп саналат.

9.8 №8 орто мектебинин камкорчулар кеңеши мектептин бюджеттен тышкары каржылоого көмөк берүү жана ага финансылык жана консультациялык жардам көрсөтүү үчүн түзүлгөн, демөөрчүлөрдүн ыктыярдуу бирикмеси болуп саналат. камкорчулар кеңеши №8 орто мектебине берилген каражаттарды жана мүлктөрдү пайдалануу боюнча чечимдерди кабыл алууга катышуу жолу менен башкарууга катышат.

9.9 Окуу-тарбиялык процессти өнүктүрүү жана өркүндөтүү, №8 орто мектебинде мугалимдердин жана тарбиячылардын кесиптик чеберчилигин жана чыгармачылык өсүшүн жогорулатуу максатында Педагогикалык Кеңеш – №8 орто мектебинин директорунун төрагалыгы алдында мектептин педагогикалык кызматкерлерин бириктирүүчү коллегиялуу орган иштейт.

Педагогикалык Кеңеш:

- билим берүүнүн мазмунун, окуу-тарбиялык иштин методдорун жана аларды ишке ашыруу ыкмаларын тандап алууну талдайт жана жүргүзөт;
- педагогикалык кызматкерлердин квалификациясын жогорулатуу, алардын чыгармачылык демилгелерин өнүктүрүү боюнча ишти уюштурат;
- окуучуларды кийинки класска көчүрүү, кийинки класска шарттуу көчүрүү жөнүндө, ошондой эле ата-энелер (мыйзамдуу өкүлдөрү) макулдашуу боюнча окуучуну үй-бүлөлүк билим берүү формасында кайра окутууга калтыруу жөнүндө чечим кабыл алат;

№8 орто мектебинин педагогикалык Кеңеши зарылдыгына жараша директор тарабынан өткөрүлөт.

Сканировано с CamScanner

## X. Каржылоо булактары жана каражаттарды пайдалануу тартиби

10.1 №8 орто мектебинин финансылык каражаттарынын негизги булактары төмөнкүлөр болуп саналат:

- республикалык жана жергиликтүү бюджеттердин каражаттары;
- башка жеке жана юридикалык жактардын ыктыярдуу кайрымдуулуктары;
- продукцияларды жана кызматтарды ишке ашыруудан алынган, ошондой эле уруксат берилген өз алдынча иштин башка түрлөрүнөн алынган киреше;
- ата-энелердин (аларды алмаштырган адамдардын) окуучуларга акыга көрсөтүлгөн кошумча кызматтар үчүн берген каражаттары,
- эл аралык уюмдардын гранттары;
- Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына каршы келбеген башка булактар.

10.2 №8 орто мектебин мамлекеттик бюджеттин эсебинен каржылоо жалпы билим берүүчү уюмдун түрүнө жараша ар бир окуучуну бюджеттик каржылоо эсебинин стандарттынын негизинде жан башы нормативи боюнча жүзөгө ашырылат.

10.3 №8 орто мектеби ээ болгон финансы каражаттарын өз алдынча башкарат. №8 орто мектебинин кызматчылардын эмгек акысынын ставкаларын (кызматтык маяналарын) квалификациялык талаптарга ылайык Бирдиктүү тарифтик торчонун жана аттестациялык комиссиянын чечиминин негизинде белгилейт, үстөк акынын, кошумча акылардын жана башка төлөмдөрдүн түрлөрүн жана стимулдаштыруучу мүнөздөгү башка төлөмдөрдүн түрлөрүн жана өлчөмдөрүн эмгек акы төлөөгө, ошондой эле штаттык жадыбалга жана кызматтык милдеттерге бөлүштүрүлгөн каражаттардын чегинде аныктайт.

## XI. Ушул Уставга өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүүнү кабыл алуу

11.1 Ушул Уставга өзгөртүүлөр жана толуктоолор эмгек жамаатынын жалпы чогулушунда кабыл алынат, уюштуруучулар тарабынан бекитилет жана Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында белгиленген тартипте катталат.

## XII. Жалпы билим берүүчү уюмдун ишине контролдук жүргүзүү

12.1 №8 орто мектебинин ишине контролдук жүргүзүү ушул Уставда жана Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында аныкталган тартипте жүргүзүлөт .

## XIII. Жалпы билим берүүчү уюмдун ишин токтотуу

Сканировано с CamScanner

13.1 №8 орто мектебинин ишин уюштуруучулардын же соттун чечими боюнча жоюу же өзгөртүп түзүү (кошулуу, биригүү, бөлүштүрүү, бөлүнүү, кайра өзгөртүү) түрүндө токтотулушу мүмкүн.

13.2 Эреже катары окуу жылы бүткөндөн кийин жүргүзүлүүчү №8 орто мектебин жоюуда же өзгөртүп түзүүдө уюштуруучулар окуучуларды алардын ата-энелери (аларды алмаштыруучу адамдар) менен башка билим берүү мекемелерине которуунун жоопкерчилигин өздөрүнө алышат.

13.3 Жоюу жоюучу комиссия тарабынан Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында каралган тартипте жүргүзүлөт.

13.4 Жалпы билим берүүчү уюмдун иш процессинде пайда болгон документтер "Кыргыз Республикасынын Улуттук архивдик фонду жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамына ылайык сакталат жана пайдаланылат.

Устав мектептин жалпы Педагогикалык Кеңешменин
12.01.2018-жылындагы №3 чечиминин негизинде
кабыл алынды.

Сканировано с CamScanner

Жалал ... тык юстиция

...

Номерленгени, тигилгени жана ...

басылганы баардыгы 19 барак

20 18 ж 16 марта

Управление юстиции

Жалал-Абадской обл...

Всего пронумеровано, прошнуровано

и скреплено печатью на 19 листах

«16» марта 2018